| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ<br>ТОҢ РАЙОНУ<br>АК-ТЕРЕК АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ<br>КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТОНСКИЙ РАЙОН<br>МЕСТНЫЙ КЕНЕШ<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА<br>АК-ТЕРЕК** |

**Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин VIII чакырылышынын IV кезексиз сессиясы**

# ТОКТОМ

2025-жылдын 10-марты №54 — Кара-Коо айылы

**Жер участокторун которуу (трансформациялоо) боюнча сунуштама киргизүү жөнүндө**

Ак-Терек айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы Зарнаев Жыргалбек Жакшылыковичдин билдирүүсүнүн негизинде, Ак-Терек айыл аймагынын Кара-Коо айылындагы "Айдай-Как" участкасынан 5 га жер аянтын таштанды таштоочу жай (полигон) куруу боюнча "Жайыт жерлерден" башка категорияга, б.а. "Өнөр-жай, транспорт, байланыш, коргоо жана башка багыттагы жерлер" категориясына которуу (трансформациялоо) боюнча Тоң райондук мамлекеттик администрациясына сунуштоо берүүгө макулдук берүү жөнүндө сунушун угуп, талкуулап Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңеши **токтом кылат:**

1. Ак-Терек айыл аймагынын Кара-Коо айылынын "Айдай-Как" участкасынан №1184 контурунан 5 га жер аянтын "Жайыт жерлерден" башка категорияга, б.а. "Өнөр-жай, транспорт, байланыш, коргоо жана башка багыттагы жерлер" категориясына которуу (трансформациялоо) боюнча Тоң райондук мамлекеттик администрациясына сунуштоо берүүгө макулдук берилсин.

2. Бул токтом каттоого алынып Кыргыз Республикасынын укуктук ченемдик актыларынын реестрине киргизүү үчүн Ысык-Көл областтык Юстиция башкармалыгына жиберилсин.

3. Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы Ак-Терек айыл айымагынын айыл өкмөтүнүн башчысы Зарнаев Жыргалбек Жакшылыковичке милдеттендирилсин.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин муниципалдык менчик, жер, архитектура, курулуш, айыл чарба боюнча туруктуу комиссиянын төрайымы Г.Ж.Сугатчиевага тапшырылсын.

**Төрага** — **С. Эркинбек уулу**